**УДК:81-22 (575.2) (04)**

**Мырзагулов Милан,**
**Саяс. илим. к., Доцент, МУК**

# НЕКОТОРЫЕ ЗАДАЧИ СЕМИОТИКИ В ПЕЧАТИ

# БАСЫЛМАЛАРДАГЫ СЕМИОТИКАНЫН АЙРЫМ МАСЕЛЕЛЕРИ

***Аннотациясы**: Кыргыз басма сөзүндөгү семиотика илиминин орду белгиленет. Басылмалардын ишмердүүлүгүндөгү айрым маселелери кандайча байкалат жана практикалык журналистикадагы кемчиликтерди жоюууда анын кандайча байланышы болгону чагылдырылат.*

***Негизги сөздөр:** (семиотика, басылмалар, белги, басма сөз, семиотиканын тили, семиозис, маалымат, коммуникация)*

***Аннотация:** В представленной работе семиотика выступает как наука о знаках в печатных СМИ, где обозначены ее роль и функции в формировании журналистских произведении в местных изданиях.Также рассматривается ряд вопросов семиотики в газетно-журнальной периодике.*

***Ключевые слова:** (семиотика, печатные СМИ, знак, язык семиотики, семиозис, информация, коммуникация)*

***Abstract:** This paper deals with Semiotics, which serves as the science of signs in the print media. Semiotics marks its role and function in the formation of journalistic work in the local press and a number of issues of semiotics in newspaper and magazine periodicals.*

***Keywords:** (semiotics, print media, sign, language of semiotics, semiosis, information, communication)*

Бүгүнкү кыргыз басылмаларындагы семиотикага тиешеси болгон айрым маселелер жетиштүү. Анын мисалында өкмөттүк да, өкмөттүк эмес дагы гезит-журналдарды карасак болот. Биринчиси дагы экинчиси дагы алды менен коомчулукка маалымат таратуу функциясын аткаруу максатында иш жүргүзөт. Дал ушул басылмалардагы маалыматтын өзүндө алгач сөз болгон семиотика түшүнүгүнүн аспектилери орун алган десек жаңылыштык болбойт.

Бүгүнкү күндө медиа каражаттарындагы стратегиялык ролдо турган маалыматтын орду журналисттик атайын билими болбогон инсанга да белгилүү болгону айдан ачык. Айрыкча ал учурдагы маалыматтын доору аталган XXI – кылымда актуалдуу болуп келет.

Белгилүү болгондой, семиотика түшүнүгү же болбосо семиология аталган илим ар кандай белгилер менен белги системаларын иликтеп окутат. Ал грек тилинен «σημειωτική, о. э. алгач байыркы гректин σημεῖον» сөзүнөн кабыл алынып, бизче «белги» дегенди түшүндүрөт. Аталган илим көбүнэсе лингвистика менен адабиятта чыйыр салып баштаганы менен өткөн кылымда бул илимий багыт ар кандай тармакты өзүнө камтый алган. Ошондо «семиозис», «комуникация» аталган түшүнүктөр роль ойноп, кеңири таанылган. Медиа чөйрөсүндөгү семиотиканы талдоо менен бул илимди аркалап, изилдеген лингвист жана адабиятчылар аз эмес болгонун белгилөө да абзел. Алардын ысымдары илимий коомчулукта жакшы таанымал. Ал эми медиа тармагына таасирин талдаган Барт менен Лотман аттуу изилдөөчүлөрдү белгилесек болот.

Семиотиканын ар тармакта иликтөө мезгили XX – кылымда Америка кошмо штаттарында байкалганы анык. Анда вербалдык эмес символдор системасы изилдөө объектиси катары каралган. Мисалга, жаңсап түшүндүрүү тили жана айбандардын тилин иликтөө.

Жалпы маалымат каражаттарына анын ичинен басылмаларга семиотика илиминин философиянын логика аталган ой-жүгүртүүчү жагынан байланыштыгы бар. Бул ойдун башында америкалык Ч. Моррис менен Р. Карнап аттуу изилдөөчүлөр турган. Мында, «белги» башка объектини көрсөтүп турган кандайдыр бир материалдык алып жүрүүчү катары түшүндүрүлөт.

Жеке бирок маанилүү учурда мындай белги катары «маалымат» көрсөтүлөт. Ал эми «маалымат» жөнүндө сөз кылсак, ал термин катары латын тилинин «informatio» деген сөзүнөн алынганын. Бизче кабар, түшүндүрмө, айтып берүү дегенди билдирет. «Маалымат» – бул өтө терең жана жалпы түшүнүк болгондуктан, аны бир сөз менен айтып, түшүндүрүү болбойт. Бул сөз ар тармактын маанисине, илимдин жана турмуш шарттын да ылайык келе берет. Күнүмдүк турмушта маалымат деп, кимдир бирөөнү кызыкдар кылган ар кандай кабарды же болбосо жаңылыктарды айтабыз. Мисалы, кайсыл бир окуялар, же бирөөнүн ишмердүүлүгү тууралуу кабар. Бул учурда, буга чейин маалым болбогон, башкача бир нерсени маалымдоо кирет.

Эгерде «маалымат» кабыл алуучу тарабынан суроо талапка ээ болбосо, же ал тарап такыр эле жок болсо, анда бул маалымат тууралуу эч нерсени айтып болбойт. Себеп, медиа каражаттары потенциалдуу аудиторияга гана өз кызматын сунуш кылып, «продукциясын» өткөрөт.

Бүгүнкү компьютердик мезгилдин шартында практикалык журналистика дагы алдыңкы технологияларды колдонуп келет. Бул болсо, журналисттерге, мисалга газет кабарчыларына компьютерге канча белги коюлган чыгарма жазганын аныктоого шарт түзөт. Бул да болсо журналисттер үчүн кандайдыр бир деңгээлде сан болсо дагы маалымат катары кабылданат. Анткени алардын аркасында кандайдыр бир маани жатат.

Семиотиканын негизинде ар кандай багытта ар башка кабыл алынган белгинин түшүнүгү орун алган. Демек гезит беттериндеги маалыматтын берилишинин негизинде биз семиотика аспектиси медиа каражаттарында канчалык орун алганын жана кандай колдонулуп жатканын аныктай алабыз. Ал эми бүгүнкү күндөгү жеке менчик жана өкмөттүк басылмалардын иш жүргүзүп жатканын эске алуу менен семиотика түшүнүгү, же болбосо белгилердин маалымат аркылуу берилиши бир жактуу эмес деп айтууга толук негиз бар. Аргумент катары Кыргызстанда бир жарым миңдей басма сөз маалыматтык каражаты бар болсо анын үчөө гана республикалык деңгээлдеги гезит калгандары, албетте жети дубандагы областтык жана райондук администрациялардын алдындагы басылмалардан башкасы, өкмөттүк эмес мезгилдүү басма сөз экенин белгилемекчимин.

Белгилүү болгондой, менчиктерден айырмаланып мамлекеттик гезиттер бийликте тургандардын саясатына ылайык маалыматты таратат. Мунун негативдүү жагдайы жокко эсе, тескерисинче демократиялуу эсептелген жана эркиндиктин белгисин чагылдырган бул саясий көрүнүштүн республикада өкүм сүрүшү, же болбосо болуп турушу өлкөбүзгө геосаясий жана эл аралык коомчулуктун алдында позитивдүү гана упай камсыз кылат.

XX – кылымдын башында колдонула баштаган бул семиотика илиминин гезит-журнал периодикасы менен байланышын анын «белги» процесси, же болбосо «семиозис» аталган белгилүү компонентерди топтогон жагдайынан байкаса болот.

Бул «семиозис» учурунда, кандайдыр бир А аталган тараптын Б тарабына маалымат берүү ниети көрсөтүлөт. Башкача айтканда, А кат жиберүүчү, ал эми Б тарап ал катты кабыл алуучу. Мындай мезгилде «семиозис» илиминин көрсөтмөсүнө ылайык маалымат алмашуучу тараптар сандык «код» аркылуу түшүнүүлөрү шарт, б. а. бир биринин тилин билип, түшүнүүлөрү зарыл. Эгерде мамлекеттик тилде жарык көргөн кыргыз басылмаларын немис улуту жашаган Германия өлкөсүнө алып барса ал жактан эч кандай суроо талапка ээ болбойт. Себеби, немис эли биздин тилди билбейт. Семиотиканын тили менен айтканда, «код» келишпейт.

Учурунда бул массалык маалымат каражаттары менен аудиториянын ортосундагы алакаларды айгинелейт. Так айтканда, басылмаларда жазылган маалыматтарды окурмандар түшүнөт, анткени, алардын кат сабатсыздыктары жоюлбаган деген маселеси жок. Аудитория тамга таанып жаңылыктарды окуй алышат. Ал эми бүгүнкү күндө коомчулук маалымат таркатуучу каражаттарга толук ишеним көрсөтөт жана массалык медиа каналдардын материалдарына, же азыркы рынок шартында кеңири тараган түшүнүк менен айтканда, ММКнын продукцияларына муктаждыктары бар. Себеби, маалымат XXI – кылымда чоң суроо талапка ээ болуп, практик журналисттер тарабынан ар түрдүү формада колдонулуп келет. Мисалы:

текст, сүрөт , чийме жана фото сүрөт түрүндө;

жарык жана үн добуштары түрүндө;

радиотолкундары түрүндө;

электрдик жана нерв импульстары түрүндө;

магниттик жаздыруулар түрүндө;

мимика жана жаңсоолор түрүндө;

жыт жана даамдардын татымы түрүндө ж. б.;

Ошондуктан, кыргыз басылмаларындагы семиотиканын ээлеген орду опол тоодой десек жаңылыштык болбойт. Кыргыз басылмаларындагы маалыматтардын туура эмес берилиши, же болбосо алар тарабынан бурмаланышы, факт жок эле ушак жана имиштин негизинде материалдардын берилиши, «семиозис» аталган илимий көрүнүштүн туура эмес аткарылып жатканынан кабар кылат. Семиотиканын айрым маселелри пайда болгонунан кабарадар кылат. Ошондуктан буга жол бербөө аракети журналисттерди даярдаган академиялык чөйрөдөн башталат. Бул актуалдуу жагдайды анализдөө, башка иликтөөнүн тематикасы.

Ал эми практикалык журналистикадагы кемчиликтерди жоюунун эң башкы себеби кесипкөй жана чыгармачыл кабарчылардын көбөйүшү менен түшүндүрүлөт.

**Колдонулган материалдар.**

1. ru.wikipedia.org› – Семиотика.
2. Лотман Ю.М. Статьи по семиотике культуры и искусства\\ «Вышгород», 1997, № 1-2,
3. Барт Р. Избранные работы. Семиотика. Поэтика. М., 1994.